**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЙ МУРАС ИНСТИТУТУ**

**Диссертациялык кеңеш Д. 07.16. 528**

**Кол жазма укугунда**

**УДК: 398 (575.2)(043.3)**

**АЛЫМБАЕВ АБДРАХМАН МЫРЗАГУЛОВИЧ**
**(БАЙАС ТУРАЛ)**

# МИФТЕР ЖАНА УЛАМЫШТАР - КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КЕЛИП ЧЫГЫШЫ БОЮНЧА ТАРЫХЫЙ БУЛАК

**Адистиги: 07.00.02. – Ата-Мекен тарыхы,**
**07.00.09.--тарыхнаама, булактаануу жана тарыхты изилдөө ыкмалары**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2016**

**Диссертациялык иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин «Кыргызстандын тарыхы жана этнология» кафедрасында аткарылды**

**Илимий жетекчиси:** тарых илимдеринин доктору
**Каратаев Олжобай Кубатбекович**

**Расмий оппонеттер:** тарых илимдеринин доктору, профессор
**Жакыпбеков Жаныбек**

тарых илимдерини кандидаты, доцент
**Молдокасымов Кыяз Сатарович**

**Жетектоочү мекеме:** К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл Мамлекеттик университетинин «Кыргызстандын тарыхы жана аны окутуу усулу» кафедрасы
**Дареги:** 722360, Каракол шаары,
Тыныстанов көчөсү, 32.

Диссертация 2016-жылдын «27» июнунда саат 14.00дө И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана маданий мурас институтунун алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д.07.16.528 Диссертациялык Кеңештин жыйынында корголот.

**Дареги**: 720026, Бишкек шаары, И.Разаков көчөсү, 51-а.

Диссертация менен И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот.

**Дареги**: 720026, Бишкек шаары, И.Разаков көчөсү, 51-а.

Автореферат 2016-жылдын «27» майында жөнөтүлдү

**Диссертациялык Кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**тарых илимдеринин**
**доктору** **Н.У. Курбанова**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу**. Советтик тарыхнаамада кыргыз мифтерин тарыхый булак катары караган өз алдынча илимий изилдөө болгон эмес. Эгемендүүлүктүн шарданы менен кыргыз элинин өткөн тарыхын, байыртадан бери элдин эс-тутумунда сакталып, көөнөрбөс оозеки булак катары келе жаткан мифтерге жана уламыштарга кайрылуу күчөгөнүн белгилөөгө болот. Кыргыз элинин келип чыгышы жөнүндөгү уламыш-мифтер Борбор Азия аймагында жашашкан түрк, монгол элдеринин келип чыгышына байланышкан уламыш-мифтер менен тыгыз байланыштуу. Анын тарыхын ар тараптуу чагылдырыш үчүн эгемендүүлүккө ээ болгон мезгилден баштап, тарыхчылар, этнографтар, этнологдор жана башка илимий чөйрөнүн өкүлдөрү кыргыз элинин калыптанышынын негиздеринин бири болгон мифтердин жана уламыштардын ордун аныктоого умтулушууда. Анткени, мифтер жана уламыштар байыркы кезден бүгүнкү күнгө чейин адамдын рухий маданиятынын өзөктүү көрүнүшү анын аң-сезиминин формаларынын калыптанышынын негизги булагы катары эсептелинет.

Миф өз доорунда идеалдуу прообраз, баштапкы булак (архетип) катары өзүнүн өзгөчө ролун али жогото элек жана бүгүнкү күндө дагы өзгөчө феномен катары кабылданууда. Ошондуктан, мурдагы тарыхты, өткөн окуялардын, көрүнүштөрдүн, кубулуштардын маани-маңызын анын генезисинен баамдоодо жана алардын таралышын түшүндүрүүдө мифтердин орду алмаштырылгыс.

Белгилүү тарыхчы-этнологдор өздөрүнүн өткөн тарыхында жазмалары болбогон же жазмага жаңыдан ээ болгон элдердин тарыхын изилдөөдө тарыхый булак катары элдик этногониянын илимий мааниси өтө зор экендигин, элдик этногониядагы материалдарды кеңири пайдаланбай туруп, этникалык тарыхка илимий иликтөө жүргүзүүгө мүмкүн эмес экендигин белгилешкен.

Ал эми тарых менен мифтердин тыгыз байланышы жөнүндө көптөгөн маалыматтарды чогултушкан чет өлкөлүк илимпоздор мифологияны тарыхты изилдөөнүн жана адамзаттын байыркы өткөнүн таанып билүү каражаты катары өзүнчө тармакка бөлүп, мифтерди «тарыхый булак» деп баалашкан. Алар: байыркы мифтер тарыхый фактылардын арасынан өзүнүн ордун тапканын, алар акыл - эстин өнүгүү процессинин көрүнүшүн билдирип, элдердин тарыхын изилдөөдө баа жеткис материал гана болбостон, байыркы ишеним, салт - санаа жөнүндөгү эскерүүлөрдүн жыйнагы да болуп эсептелерин айтышкан.

Мифтерди жана уламыштарды изилдөө батыш элдеринин илиминде бийик деңгээлге жеткени менен кыргыз илиминде бул багыт жаңыдан жолго коюлуп жатат. Тарыхты изилдөөде мифтерди жана уламыштарды тарыхый булак катары пайдаланып, салыштырма – типологиялык изил-